**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**«БЕКИТЕМИН»**

ОшМУнун ректору, профессор

________ К.Г. Кожобеков

«13» 03 2023-ж.

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕ БИРГЕЛЕШКЕН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕИ ЧЫГУУ ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Макулдашылды:**

Окуу иштери боюнча проректор **З.С. Божонов**

Окуу бөлүмүнүн башчысы **И.Н. Атабаев**

Пландоо-финансы бөлүмүнүн начальниги **Д.Ш. Курбанбаева**

Юридикалык бөлүмдүн башчысы **У. Суеркулов**

**Ош - 2023**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Ош мамлекеттик университетинин (мындан ары - ОшМУ) чет өлкөлүк жана ата мекендик өнөктөш – ЖОЖдор менен бакалаврларды, магистрлерди, адистерди жана PhDлерди (мындан ары – студенттер) даярдоо боюнча биргелешкен билим берүү программаларын (мындан ары - БББП) иштеп чыгуу жана ишке ашыруу тартибин жөнгө салат.

1.2. ОшМУда БББПны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жөнүндө Жобо (мындан ары - Жобо) төмөнкүлөргө ылайык иштелип чыкты:

- Кыргыз Республикасынын (мындан ары — КР) 2003 жылдын 30-апрелиндеги №92 “ Билим берүү жөнүндө” мыйзамына;
- КР Президентинин 2022- жылдын 18-июлундагы № 243 “Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жонүндө" жарлыгына;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик документтери, ОшМУнун Уставы, Окумуштуулар кеңешинин чечимдери, ОшМУнун ректорунун буйруктары жана башка ченемдик-укуктук документтер.

1.3. БББПны иштеп чыгууга жана ишке ашырууга билим берүү ишмердигин жүргүзүүчү уюмдар менен катар окутууну, окуу жана өндүрүштүк практиканы жүргүзүү жана тиешелүү билим берүү программасында каралган окуу ишинин башка түрлөрүн жүзөгө ашыруу үчүн зарыл ресурстарга ээ болгон илимий, медициналык жана башка уюмдар (мындан ары – Өнөктөштөр) да катыша алышат.

1.4. БББПны ишке ашыруу ОшМУну өнүктүрүүнүн стратегиялык кызыкчылыктарына жооп берет, билим берүүнүн сапатын, илимий изилдөөлөрдү, университеттин дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга, академиялык мобилдүүлүктү жана билим берүү жана илим жаатындагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

1.5. Биргелешкен программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу билим берүү уюмдарынын ортосунда кадрларды даярдоонун алдыңкы тажрыйбалары менен алмашууну камсыз кылат, бул окутуучу кадрлардын кесиптик-педагогикалык чеберчилигинин деңгээлин жогорулатуу, билим берүү процессинде окутуунун жаңы инновациялык технологияларын пайдалануу үчүн шарттарды түзөт.

1.6. Университеттин биргелешкен билим берүү программалары, эреже катары, университеттин лицензиясы жана аккредитациясы бар багыттар жана адистиктер боюнча түзүлөт жана ишке ашырылат. Эгерде биргелешкен билим

беруү программалары жаңы багыттар же адистиктер боюнча түзүлө турган болсо, анда аларга лицензия алып, аларды студенттер аяктаганга чейин аккредитациядан өткөрүү керек.

1.7. ОшМУнун Билим беруү программасын биргелешкен катары классификациялоонун критерийлери төмөнкүлөр болуп саналат:

- программа бир же бир нече ЖОЖдор (же билим беруү ишин жүзөгө ашыруучу башка мекемелер) менен биргеликте ОшМУ тарабынан иштелип чыгат жана өнөктөш ЖОЖдордун ректорлору (проректорлору) тарабынан бекитилет;
- тараптардын ар биринин студенттери өнөктөш ЖОЖдордо окуу программасына катышышат;
- ОшМУда жана программанын өнөктөш-ЖОЖдорунда окугандардын өкуу мезгилдери жана экзамендери ушул Жобонун шарттарына ылайык келет;
- студенттердин ар кандай практикалардан өтүүсү, бүтүрүүчү квалификациялык ишти жазуу жана коргоо, диссертациялар кыргыз жана чет тилдеринде жүргүзүлөт;
- ЖОЖдордун ар биринин окутуучулары өнөктөш ЖОЖдордо сабак бере жана жыйынтыктоочу аттестация боюнча биргелешкен комиссиянын курамына кире алышат;
- окутуу программасын толук аяктагандан кийин студенттер өнөктөш ЖОЖдордун ар биринин мамлекеттик (белгиленген) үлгүдөгү билими жөнүндө документтерди алышат же өнөктөш ЖОЖ менен макулдашууга (келишимге) ылайык аларга биргелешкен күбөлүктөр же сертификаттар берилет.

1.8. ОшМУда биргелешкен программалар бөюнча окутуу эреже катары кыргыз же орус тилдеринде жүргүзүлөт. Зарыл болгон учурда башка чет тилде да жүргүзүлүшү мүмкүн.

## 2. Биргелешкен билим беруү программаларынын түрлөрү

2.1. Биргелешкен программа *Double Degree programme* - бул (өнөктөш/ өнөктөш ЖОЖдордун катышуусу менен) анык бир багыт боюнча иштелип чыккан жана тармактык формада ишке ашырылуучу негизги билим беруү программасы. Программаны ийгиликтүү өздөштүргөн бүтүрүүчүлөргө ошол багыт боюнча ОшМУнун жана өнөктөш университеттин жогорку билим жөнүндө тиешелүү документтери (диплөмдору) берилет. Зарыл болгон учурда студенттер программаны ишке ашырууга катышкан башка ЖОЖдордо / уюмдарда айрым модулдарды (курстарды, дисциплиналарды) өздөштүргөндүгүн тастыктаган окуу жөнүндө маалымкаттарды / академиялык маалымкаттарды алышат.

2.2. Биргелешкен кош программа *Dual Degree programme* - бул эки өнөктөш-ЖОЖ тарабынан иштелип чыккан жана ишке ашырылуучу ар кандай багыттар боюнча негизги билим беруү программасы. Программаны ийгиликтүү өздөштүргөн бүтүрүүчүлөргө ар түрдүү багыттар бөюнча өнөктөш университеттердин даражалары (квалификациялары) ыйгарылат жана жогорку билим жөнүндө тиешелүү документтери (дипломдору) берилет. Бул учурда бүтүрүүчүлөр программага эң көп салым кошкон эки өнөктөш-ЖОЖдордун

дипломдорун жана биргелешкен программаны ишке ашырууга катышкан башка ЖОЖдордо / уюмдарда айрым модулдарды (дисциплиналарды) өздөштүргөндүгүн тастыктаган окуу жөнүндө маалымкаттарды / академиялык маалымкаттарды кошумча алышат.

2.3. Биргелешкен программа камтылган окутуу менен *Joint Degree programme* - бул тармактык формада (чет олкөлүк ЖОЖдордун / уюмдардын катышуусу менен) иштелип чыккан жана ишке ашырылуучу негизги билим берүү программасы. Мында студенттерге ал билим берүү программасын ишке ашырууга катышкан башка ЖОЖдордо / уюмдарда айрым модулдарды (дисциплиналарды) өздөштүргөндүгүн ырастоочу окуу жөнүндө маалымкат / академиялык маалымкат берилет.

## 3. БББПны иштеп чыгуу

3.1. БББП төмөнкү максатта иштелип чыгат жана ишке ашырылат:

— билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, заманбап билим берүү технологияларын жана окутуу каражаттарын колдонуунунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, студенттерге ар кандай профилдерди жана адистештирүүдөрдү тандоо, окуу курстарын, предметтерди, дисциплиналарды, модулдарды тереңдетип үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүү;

— Алдыңкы билим берүү мекемелеринин тажрыйбасын үйрөнүү жана өздөштүрүү аркылуу студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандыруу жана өркүндөтүү;

— ОшМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн улуттук жана эл аралык эмгек рынокторунда атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;

— өнөктөш ЖОЖдордун тажрыйбасынын негизинде ОшМУнун окутуучуларынын кесиптик квалификациясын жогорулатуу;

— ОшМУнун студенттери жана кызматкерлери үчүн академиялык мобилдүүлүктү, анын ичинде эл аралык мобилдүүлүктү өнүктүрүү, университеттин өнөктөштүк байланыштарын кеңейтүү.

3.2. БББПны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу маселелерин жөнгө салуучу негизги документ болуп ОшМУнун программага катышкан өнөктөш-ЖОЖдор (мекемелер) менен түзгөн келишими эсептелинет.

3.3. Биргелешкен билим берүү программасын ишке ашыруу жөнүндө макулдашуу төмөнкүлөрдү жөнгө салуучу жоболорду камтууга тийиш:

- БББП боюнча окууга тандоонун жана кабыл алуунун тартиби (критерийлери), окуп жаткандардын статусу (укуктары жана милдеттери) ;
- БББПнын аталышы, мазмуну жана түзүмү (окуу планы, окутуунун

узактыгы, окуп жаткан дисциплиналардын көлөмү жана программалары, бүтүрүүчүлөргө карата талаптар);

- билим берүү программасынын бүтүрүүчүсү ээ болууга тийиш болгон компетенциялардын тизмеси;
- ОшМУ менен өнөктөш-ЖОЖдордун ортосунда функциялардын (милдеттердин) бөлүштүрүлүшү, ар бир ЖОЖ берген ресурстардын мүнөзү жана көлөмү;
- Окуу мезгилиндеги коопсуздукту камсыздоо боюнча талаптар;
- программаны каржылоо булактары жана тартиби, студенттерди стипендиялык камсыздоону кошо алганда өнөктөш-ЖОЖдордун ортосунда финансылык милдеттенмелерди бөлүштүрүү;
- программаны башкаруу органдарынын түзүмү, ОшМУда жана өнөктөш ЖОЖдордо окуу процессин уюштуруу тартиби;
- БББПны ишке ашыруу жөнүндө келишимди өзгөртүү (узартууну же бузууну кошкондо) тартиби, ошондой эле программаны ишке ашыруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш-тартыштарды чечүү тартиби;
- ОшМУда жана өнөктөш ЖОЖдордо окутуунун сапатын камсыз кылуу жана мониторинг жүргүзүү боюнча чаралар;
- жыйынтыктоочу аттестацияга талаптар, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди, диссертацияларды даярдоону жана коргоону уюштуруу тартиби;
- программага катышкан студенттердин, окутуучулардын жана административдик кызматкерлердин мобилдүүлүгүн уюштуруу тартиби;
- өноктөш ЖОЖдордун окуу мезгилдерин өз ара таануунун тартиби;
- БББПнын окутуу тили;
- биргелешкен программаны аяктагандан кийин университет жана өнөктөш-ЖОЖдор тарабынан берилүүчү документтердин тиби жана статусу;
- келишимдин жарактуулук мөөнөтү, аны өзгөртүү жана токтотуу тартиби.

3.4. Өнөктөш-билим берүү уюмдары менен макулдашылган жана окуу планы, календардык окуу графиги, дисциплиналардын (модулдардын) жумушчу программалары, практикалар, Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация жана башка компоненттер, ошондой эле баалоочу жана методикалык материалдар түрүндө берилген билим берүү программасы келишимге милдеттүү түрдө тиркелиши керек.

3.5. ОшМУда БББПны түзүү жана иштеп чыгуу үчүн негиз болуп БББПны ачууну демилгелеген түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин (декандын) окуу иштери боюнча проректору жана эл аралык иштер департаментинин директору менен макулдашылган кызматтык каты эсептелет. Кызматтык катта ОшМУда БББПны иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун максатка ылайыктуулугунун негиздемеси, анын ичинде:

- университеттин мурунку билим берүү программаларына салыштырмалуу жаңы билим берүү программасынын кошумча маанисин көрсөтүү;
- БББПнын максаттары жана милдеттери;
- БББПнын аталышы, болжолдуу узактыгы, мазмуну жана түзүмү;
- программаны кадрдык, окуу-методикалык жана маалыматтык

камсыздоо;

- ар биринин функцияларын жана милдеттерин көрсөтүү менен өнөктөш-ЖОЖдорду санап көрсөтүү;
- ар бир өнөктөш - жогорку окуу жайдын окуп жаткан адамды даярдоого катышуу көлөмү;
- ОшМУ тарабынан сунуш кылынган БББП жетекчисинин (жетекчилеринин) аты-жөнү.

3.6. Өнөктөш уюмдардын ресурстарын пайдалануу менен БББПны ишке ашыруунун алкагында ОшМУда төмөнкү моделдер колдонулушу мүмкүн:

3.6.1. Билим берүү ишин жүзөгө ашыруучу "өнөктөш уюмдардын билим берүү программасына модулдарды киргизүү" модели. Мында өнөктөш уюмдун даяр дисциплинасы (модулу) ОшМУнун билим берүү программасына киргизилет. Университет келишимдик мамилелердин негизинде студенттерин ушул дисциплинаны (модулду) өздөштүрүү үчүн өнөктөш уюмга жөнөтөт, андан кийин өздөштүрүүнүн натыйжаларын эсепке алат. Мындай билим берүү программасы ОшМУ тарабынан бекитилет, бирок өнөктөш билим берүү уюму менен макулдашылуусу керек.

Бул модель виртуалдык академиялык мобилдүүлүктү уюштурууда да колдонулушу мүмкүн, мында айрым модулдар өнөктөш уюмда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен же толук электрондук окутууну колдонуу менен өздөштүрүлөт.

3.6.2. "Жеке тандоо" модели билим берүү программасынын вариативдүү бөлүгүн кеңейтүүнүн эсебинен окутуунун жекече траекториясын түзүүгө багытталган, мында айрым дисциплиналар (модулдар) студенттин тандоосу боюнча ар түрдүү, анын ичинде чет өлкөлүк да, билим берүү уюмдарында окутулат. Башка өнөктөш билим берүү уюмунда өздөштүрүү керек болгон дисциплинаны (модулду) тандоо укугу студенттин өзүнө берилет. Мында өнөктөш уюмдардын ар бири менен келишимдер түзүлүүгө тийиш.

Бул модель билим берүү программаларын кесиптик ишмердүүлүктүн ар кандай чөйрөлөрүнүн кесилишинде ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Мындай билим берүү программаларын түзүүдөгү маанилүү элемент болуп ар түрдүү өнөктөш - билим берүү уюмдарынын илимий-педагогикалык кызматкерлерин тартуу саналат. Бул билим берүү программалары виртуалдык академиялык мобилдүүлүктүн негизинде да ишке ашырылышы мүмкүн.

Бул моделди пайдаланган учурда мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация жана билими тууралуу документти ОшМУ берет.

## 4. БББПны каржылоо

4.1. ОшМУнун Биргелешкен билим берүү программасы төмөнкүлөрдүн эсебинен каржыланышы мүмкүн:

- ОшМУнун бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарынан;
- БББП боюнча өнөктөш - ЖОЖдордун каражаттарынын;
- эл аралык уюмдардын, мамлекеттик жана жеке фонддордун каражаттарынан, ОшМУ тарабынан алынган жана колдонуудагы мыйзамдарга

карама-каршы келбеген башка демөөрчүлүк каражаттардан;

- биргелешкен билим берүү программасы боюнча окугандардын, алардын ата-энелеринин, камкорчуларынын жана демөөрчүлөрүнүн каражаттарынан;
- ишканалардын жана коомдук бирикмелердин каражаттарынан;
- демөөрчүлүк жардамдан.

4.2.БББПны иштеп чыгууда анын жетекчилери тарабынан Программаны долбоорлоого жана ишке ашырууга кете турган чыгымдардын сметасы түзүлөт, аны ОшМУнун ректору бекитет.

4.3. Контракттык негизде окуган ОшМУнун студенттери өзүнүн окуу жайында окуган мезгили үчүн толук көлөмдө акы төлөшөт, ал эми өнөктөш-ЖОЖдо окуу үчүн акы төлөө наркы ОшМУ менен өнөктөш-жождордун (же окуп жаткандар менен өнөктөш-ЖОЖдордун) ортосундагы келишим менен белгиленет. Алар өнөктөш-ЖОЖдо окуп жаткан учурда ОшМУда акы төлөөдөн бошотулушат.

4.4. Эгерде студенттер ОшМУнун (өнөктөш - ЖОЖдун) бюджеттик орундарына кабыл алынса, анда алар өнөктөш ЖОЖго (ОшМУга) ал окуу жайда окуган мезгили үчүн гана акы төлөшөт.

4.5. Өнөктөш-ЖОЖдор менен макулдашуу боюнча окуу акыны БББПнын бардык мезгили үчүн, аны кабыл алган университетке гана төлөшү мүмкүн. Бул учурда студент калган өнөктөш - окуу жайларга окуу акысын төлөөдөн бошотулат.

## 5. БББПны ишке ашыруу

5.1. ОшМУда БББПны ишке ашыруу ОшМУнун Уставына жана билим берүү ишин жөнгө салуучу башка ченемдик-усулдук документтерге ылайык жүргүзүлөт. Жогорудагы программалар боюнча студенттерди окууга кабыл алуу ОшМУнун ректорунун буйругу менен таризделет.

5.3. БББПны ишке ашырууда милдеттүү шарт болуп өнөктөш ЖОЖдордо алынган окуу дисциплиналарын таануу жана эсепке алуу маселелерин чечүү эсептелет. Бул үчүн студенттердин ОшМУ жана өнөктөш-ЖОЖ менен макулдашылган жекече окуу пландары иштелип чыгылышы керек.

5.4. БББПга кабыл алууда тапшыруучулар ОшМУга жана өнөктөш ЖОЖго кабыл алуу эрежелерине ылайык конкурстук тандоодон өтүшөт. Окууга кабыл алуу эки билим берүү мекемесинде бир эле учурда же удаалаш жүргүзүлөт.

5.5. ОшМУ жана БББПны ишке ашырууга катышкан өнөктөш жогорку окуу жайлар билим берүү программасынын келишимде каралган бөлүгүн ишке ашырышат жана тиешелүү дисциплиналарды (модулдарды) жана практикаларды өздөштүрүүнү эсепке алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды бири-бирине жөнөтүшөт.

5.6. Биргелешкен программаларда каралган ОшМУнун жана өнөктөш ЖОЖдордун студенттеринин, окутуучуларынын, илимий кызматкерлеринин жана административдик персоналынын академиялык мобилдүүлүгү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик-методикалык документтерине, ОшМУнун Уставына ылайык ишке ашырылат.

БББПга катышкан чет өлкөлүк жарандар да ОшМУга келген башка чет өлкөлүк студенттердей, окутуучулардай жана кызматкерлердей эле укуктарга жана милдеттерге ээ болушат.

5.7. Зарыл болгон учурда БББП алкагында окутуу аралыктан окутуунун технологиясы жана ыкмалары аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

5.8. БББПны ишке ашыруучу ОшМУнун түзүмдүк бөлүмдөрү аны маалыматтык жана окуу-методикалык жактан камсыз кылууну уюштурушат.

5.9. Студентти БББПга кабыл алууда студент, ОшМУ жана өнөктөш ЖОЖ ортосунда үч тараптуу келишим түзүлөт. Бул келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп БББПнын мазмунуна ылайык иштелип чыккан студенттин бүткүл окуу мезгили үчүн түзүлгөн жекече окуу планы саналат.

5.10. БББП студенттердин жеке демилгеси боюнча да ишке ашырылышы мүмкүн. Бул учурда, студенттер программанын жалпы узактыгынын 50%тинен ашпаган бир бөлүгүн өнөктөш ЖОЖдордо өздөштүрүшөт.

5.11. ОшМУнун студенттери окуу программасынын жалпы мөөнөтүнүн 50% дан кем эмес бөлүгүн өз ЖОЖунда окушат. Окуунун калган бөлүгүн студенттер өнөктөш-ЖОЖдордо өтүшөт, ал макулдашылган окуу пландарынын негизинде окуунун ченемдик мөөнөтү катары эсептелет. Жыйынтыктоочу аттестация өнөктөш ЖОЖдо же ОшМУда эки ЖОЖдун өкүлдөрүнүн катышуусу менен өтөт, же БББПга катышкан ар бир ЖОЖ жыйынтыктоочу аттестацияны өз алдынча уюштура жана өткөрө алат. Программаны аяктагандан кийин студенттерге өнөктөш ЖОЖдун билими жөнүндө тиешелүү диплому жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик үлгүсүндөгү тиешелүү диплому берилет.

5.12. Өнөктөш ЖОЖдо жана ОшМУда БББП алкагында окуу учурунда студенттер аталган ЖОЖдордун студенттери үчүн белгиленген укуктардан пайдаланышат жана милдеттерди аткарышат.

## 6. БББПны ишке ашырууда окутуунун натыйжаларын баалоо

6.1. Бирдиктүү окуу планы боюнча БББПны ишке ашырууда окуунун жана окуу мезгилдеринин натыйжаларын аттестациялоо бекитилген БББПны ишке ашыруунун мөөнөттөрү, эмгек сыйымдуулугу жана шарттары макулдашылгандыгына байланыштуу айрым жол-жоболорду жүргүзүүнү талап кылбайт.

6.2. Камтылган окутуунун натыйжаларын эсепке алуу жөнүндө чечимди окуу иштери боюнча проректор программанын ОшМУ тараптан жетекчисинин (жетекчилеринин) жана окуу бөлүмүнүн начальнигинин сунушу боюнча кабыл алат. Бир же бир нече дисциплинадар (модулдар) өздөштүрүлбөгөн же талаптар толук аткарылбаган учурда окуу иштери боюнча проректор тарабынан программанын жетекчисинин (жетекчилеринин) жана окуу бөлүмүнүн начальнигинин сунушунун негизинде академиялык карыздын көлөмү жана түзүмү аныкталат, ал ОшМУда белгиленген тартипте жоюлат. Аттестациялоо жана академиялык карызды жоюу жөнүндө чечим тиешелүү буйрук менен таризделет.

6.3. Камтылган окутууда өнөктөщ-ЖОЖдо өздөштүрүлгөн дисциплиналарды эсепке алуу үчүн негиз болуп төмөнкүлөр саналат:

- университетте камтылган окутууда берилген жолдомо-справка;

-өнөктөш-ЖОЖдо белгиленген тартипте эмгек сыйымдуулугун (окуу мөөнөттөрүн) жана тиешелүү дисциплиналар/модулдар (окуу мезгилдери) боюнча бааларын (аттестациянын натыйжаларын) көрсөтүү менен окуу мезгили жөнүндө таризделген документ (академиялык маалымкат же анын эквиваленти).

6.4. Эсепке алуу өнөктөш ЖОЖ тарабынан берилген документтердин негизинде, эмгек сыйымдуулугун (окуу мөөнөтүн) жана тиешелүү дисциплиналар/модулдар (окуу мезгили) боюнча бааларын (аттестациянын натыйжаларын) көрсөтүү менен жүргүзүлөт.

**7. БББП боюнча окутуунун сапатын камсыз кылуу жана контролдоо**

7.1. БББП боюнча окутуунун натыйжаларынын сапатын жыйынтыктоочу көзөмөлдүн атайын жол-жоболору ОшМУнун жана өнөктөш-ЖОЖдордун лицензияланган жана аккредитацияланган билим берүү ишмердигинин ишке ашырылышынан улам каралбайт.

7.2. БББП боюнча окутуунун сапатын көзөмөлдөө өнөктөш - ЖОЖдордун ыйгарым укуктуу түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан ишке ашырылат. БББП боюнча (ОшМУнун өздүк сегментинин алкагында) окутуунун натыйжаларынын сапатын учурдагы жана аралык көзөмөлүн ОшМУ тарабынан өз алдынча же өнөктөш ЖОЖдордун өкүлдөрү менен биргеликте ушул Жобого, келишимге жана белгиленген милдеттердин бөлүштүрүлүшүнө ылайык жүзөгө ашырылат.

7.3. БББП өнөктөш – ЖОЖдордун биринде ишке ашып жаткан мезгилде, анын сапатын көзөмөлдөө башка өнөктөш – ЖОЖдун өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.

7.4. БББПнын жетекчилеринин чечими боюнча окутуунун жыйынтыктарынын сапатын баалоо процессине тышкы эксперттер тартылышы мүмкүн.

**8. БББПны ишке ашырууда студенттин статусу.**

8.1. Кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча окугандар ОшМУга БББП боюнча окууга кабыл алынат. Студенттер өнөктөш ЖОЖдо окуп жүргөн мезгилине окуудан четтетилбейт, анткени ал студенттер кабыл алынган тармактык формада ишке ашырылуучу билим берүү программасынын бир бөлүгү болуп саналат.

8.2. Окуп жаткан адамга билими жана (же) квалификациясы жөнүндө документ ал окууга кабыл алынган билим берүү программасы боюнча ОшМУ тарабынан берилет. Өнөктөш – ЖОЖдо билим берүү программасынын бир бөлүгүн өздөштүргөндүгү - окугандыгы тууралуу тиешелүү документтер менен тастыкталат.

8.3. БББП боюнча билим алып жаткандарга билим берүү жөнүндө мыйзамдарда каралган ОшМУ дайындалган стипендияларды, материалдык жардамдарды жана башка акчалай төлөмдөрдү төлөө башка өнөктөш жогорку окуу жайларында окуган мезгилде токтотулбайт.

БББПны ишке ашырууга катышкан өнөктөш-ЖОЖдордун чечими

боюнча программа же анын дисциплиналары (модулдары) боюнча окуп жана практикаларды өтөп жаткандарга, ал ЖОЖдордун локалдуу ченемдик актылары менен аныкталган тартипте кошумча стипендия же башка акчалай төлөмдөр дайындалышы мүмкүн.

## 9. Университеттин структуралык бөлүмдөрүнүн жоопкерчилиги

9.1. ОшМУда биргелешкен билим берүү программалары ректордун буйругу менен аларды иштеп чыгууга, ишке ашырууга жана адистерди чыгарууга жооп берген түзүмдүк бөлүмдөргө (Жогорку мектептер / факультеттер, кафедралар) бекитилип берилет.

9.2. Тажрыйбалуу профессорлордун (доценттердин) ичинен ОшМУнун БББПсынын жетекчиси дайындалат. Биргелешкен билим берүү программасынын жетекчиси аны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча жоопкерчиликти алат.

9.3. Биргелешкен билим берүү программасын иштеп чыгуу үчүн ОшМУда жогорку мектептин / факультеттин кызматкерлеринен турган топ түзүлөт. Топту биргелешкен билим берүү программасынын жетекчиси башкарат.

**Окуу иштери боюнча Проректор төмөнкүлөрдү камсыз кылат:**

• ОшМУнун Билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышын көзөмөлдөө;

• биргелешкен билим берүү программаларынын жетекчилерин макулдашуу(ОшМУдан жана өнөктөштөн - ЖОЖ) ;

• биргелешкен билим берүү программасы боюнча окуп жаткан студенттер үчүн билим берүү программаларын жана жумушчу окуу пландарын бекитүү;

• мамлекеттик аттестациялык комиссиялардын курамын түзүү (өнөктөш-ЖОЖдун катышуусу менен) ;

• окуу процессин камсыздоонун уюштурулушун жана сапатын көзөмөлдөө.

**Юридикалык бөлүм төмөнкүлөрдү камсыз кылат:**

• ОшМУ жана өнөктөш-ЖОЖдордун ортосундагы БББП жөнүндөгү , ошондой эле студенттер менен БББПны ишке ашырууга катышкан ЖОЖдордун ортосундагы келишимдердин үлгүлөрүн иштеп чыгуу.

**Пландоо-финансы бөлүмү төмөнкүлөрдү камсыз кылат:**

• БББПны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу чыгымдарынын сметасын түзүү, ОшМУда окуу үчүн акы төлөөнүн наркын аныктоо.

**Окуу бөлүмү төмөнкүлөрдү камсыз кылат:**

• Академиялык календарды, окуу планын, жумушчу окуу планын жана окуу процессинин графигин макулдашуу;

• ОшМУда билим берүү процессин жумушчу окуу планына ылайык көзөмөлдөө;

• өнөктөш-ЖОЖдо студент алган окуунун жыйынтыктарын Кыргыз Республикасынын баалоо шкаласына окутулган дисциплиналардын эмгек сыйымдуулугун эске алуу менен которуу;

• студент өнөктөш - ЖОЖдо алган окуунун натыйжаларын эсепке алуу.

**БББПны иштеп чыгуучу жана ишке ашыруучу жогорку мектептер / факультеттер (кафедралар) төмөнкүлөрдү камсыз кылат:**

• БББП боюнча окуп жаткан студенттер үчүн билим берүү программаларын жана жумушчу окуу пландарын иштеп чыгуу, аларды окуу иштери боюнча проректордон бекиттирүү;

• КРда жана чет өлкөлөрдө программанын жарнамаларын өткөрүү, абитуриенттерди БББП боюнча окууга тартуу ;

• программаны окуу-методикалык жактан камсыздоону ишке ашыруу жана өркүндөтүү, ал үчүн профессордук-окутуучулук курамды даярдоо жана кайра даярдоо;

• студенттерди БББП жөнүндө келишимдин жобосу жана мазмуну, билим берүү процессинин финансылык жана юридикалык жактары менен тааныштыруу;

• ОшМУда окуу процессин жумушчу окуу планына ылайык уюштуруу;

• студентти өнөктөш ЖОЖго окууга жиберүү жөнүндө буйруктарды тариздөө;

• студенттердин бүтүрүү квалификациялык иштеринин аткарылышын көзөмөлдөө жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясын уюштуруу;

• программанын бүтүрүүчүлөрү менен байланышта болуу, биргелешкен билим берүү программасынын максаттарынын аткарылышын баалоо жана аны өркүндөтүү;

• БББП жөнүндө Макулдашууда каралган билим берүү документтерин тариздөө;

• өнөктөш-ЖОЖго бардык зарыл болгон документтерди (аппликациялык формаларды, билими жөнүндө документтерди, маалымкаттарды жана студенттердин окуусу тууралуу башка документтерди) жиберүү.

**Эл аралык байланыш департаменти төмөнкүлөрдү камсыз кылат:**

• биргелешкен билим берүү программаларын түзүү жана ишке ашыруу боюнча ченемдик базаны (жобону) иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;

• өнөктөш ЖОЖдор менен сүйлөшүүлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү;

• өнөктөш-ЖОЖ / уюм менен келишимдерди даярдоо (БББПны иштеп чыгуучу жана ишке ашыруучу жогорку мектеп / факультет, пландык-финансылык, юридикалык жана окуу бөлүмдөрү менен бирдикте);

• өнөктөш ЖОЖдор менен келишимдерди түзүү жана кол коюу.

**Кадрлар бөлүмү камсыз кылат:**

• чет өлколөрдө берилген билим жөнүндогү документтерди талдоо, аларды таануу жол-жоболорун уюштуруу жана алардын КР мыйзамдарына ылайык эквиваленттүүлүгүн аныктоо.

**Чет өлкөлүк жарандар менен иштөө жана консулдук кызматтарды көрсөтүү бөлүмү:**

• биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашырууга катышкан ОшМУнун жана өнөктөш чет өлкөлүк ЖОЖдордун кызматкерлерине жана студенттерине чакырууларды тариздөө, визаларды жана медициналык камсыздандырууну тариздөөгө көмөк көрсөтүү;

• чет өлкөлүк студенттерди жана кызматкерлерди мамлекеттик өргандарда каттоого коюу;

• чет өлкөлүк өнөктөш - ЖОЖдун студенттеринин жана кызматкерлеринин Кыргыз Республикасынын аймагында жүрүү эрежелерин сактоосун көзөмөлдөө.

**Кабыл алуу комиссиясы төмөнкүлөрдү камсыз кылат:**

• өнөктөш - ЖОЖ менен биргелешкен билим берүү программасына кабыл алуу планын түзүү, макулдашуу жана бекитүү;

• конкурстук сынoолорду уюштуруу жана өткөрүү, студенттерди биргелешкен билим берүү программасына кабыл алуу.

## Тараптардын жоопкерчилиги

Билим берүү уюму өзүнүн компетенциясына кирген функцияларды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы, билим берүү программаларын толук эмес көлөмдө ишке ашыргандыгы, өзүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн билиминин сапаты, ошондой эле окуп жаткандардын, билим берүү уюмунун кызматкерлеринин өмүрү жана ден соолугу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.